**5.9.**

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ

# МААЛЫМАТТЫК-АНАЛИТИКАЛЫК БОРБОР ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 2- токтому

«9» 11 2022-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору

________ З.Э. Жээнтева

«9» 11 2022-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектеби**

**Маалыматтык-аналитикалык борбор жөнүндө**

**ЖОБО**

1. **Жалпы жобо**

1.1. Маалыматтык-аналитикалык борбор №97 жалпы орто билим берүү мектебинин түзүмдүк бөлүмү болуп саналат.

1.2. Борбор өз ишинде мектептин укуктук-ченемдик актыларын, Уставын, КРнын мыйзамдарынын жана ушул жободогу эрежелердин аткарылышын жетекчиликке алат.

1.3. Мектептеги маалыматтык-аналитикалык бөлүмдүн ишин директорун орун басарлары жана усулдук бирикме жетекчилери камсыз кылат.

2. **Маалыматтык-аналитикалык борбордун максаты**

Иш-аракеттердин максаты:

- Мектептин билим берүү ишин маалыматтык- аналитикалык жактан камсыздоо;
- Билим берүүнүн сапатына мектеп ичиндеги мониторинг жүргүзүү тартибин аныктоо;
- Билим берүү тутумунда жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшүү.

3. **Маалыматтык-аналитикалык борбордун кызматынын милдеттери**

- Мектептин билим берүү тутумунун абалы жөнүндө маалыматтарды чогултуп, жалпылайт жана талдайт.
- Мектептин негизги маалымат базасын түзөт (ченемдик, илимий – методикалык, методикалык ж.б.) .
- Педагогикалык кызматкерлер үчүн квалификацияны жогорулатууну уюштуруу жана ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт;
- Жалпы орто билим берүү жаатындагы программалардагы максатты ишке ашыруу үчүн мектептин педагогикалык кызматкерлерине маалыматтык-аналитикалык колдоо көрсөтөт;
- Билим берүүдө кызыкдар тараптар( окуучулар, ата-энелер_ үчүн билим берүү тутумунун маалыматтык керектөөлөрдү канааттандырууну камсыз кылат.
- Мектептик билим берүү мейкиндигинде бирдиктүү техникалык жана маалыматтык саясатты ишке ашыруу.
- Башкаруу чечимдерин кабыл алуунун негиздүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында маалыматты ыкчам чогултуу жана талдоо үчүн

билим берүүнү көзөмөлдөө боюнча көп дэңгээлдүү автоматташтырылган маалымат тутумун түзүү.

4. **Функциялары:**

Бөлүм, өзүнчө жүктөлгөн милдеттерге ылайык, төмөнкүдөй негизги функцияларды аткарат:

- Өз компетенциясынын чегинде билим берүүнү маалыматташтырууну жүзөгө ашыруу бөлүгүндө мектепте билим берүүнү өнүктүрүү боюнча автордук программаларды иштеп сыгууга жана ишке ашырууга катышат.
- Билим берүү жаатындагы илимий-методикалык изилдөөлөрдү стимулдаштырат, билим берүүнү өнүктүрүүнүн программалары, мугалимдердин өзүнүн предмети боюнча ишмердүүлүгүнүн мониторингин жана изилдөө жүргүзөт;
- Билим берүүнүн өнүгүшү жөнүндө маалыматтарды чогултуп, иштеп чыгат .
- Билим берүү тутумунун мониторнгин уюштурат, билим берүү тутумунун абалы жана өнүгүшү жонүндө маалыматтык- аналитикалык материалдарды даярдайт.
- Калкка билим берүү кызматтарын көрсөтүү боюнча коомдук пикирди изилдейт.
- Окуутунун жана тарбиялоонун актуалдуу көйгөйлөрү боюнча окуучулардан, мугалимдерден жана ата-энелерден (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) социалогиялык изилдөөлөрдү уюштурат;
- Инновациялык билим берүү ишин уюштурат жана контролдойт, мектептин компетенциясынын чегинде жүргүзүлүп жаткан эксперементалдык жана инновациялык иш-чараларга мониторинг жүргүзөт.

5. **Маалыматтык –аналитикалык бөлумдүн укуктары жана милдеттери**

5.1. Өз фунциясын жүзөгө ашыруу үчүн бөлүм төмөнкүлөргө укуктуу:

- Мектеп администрациясынан, усулдук бирикме жетекчилеринен маалыматтык-аналитикалык иштерди жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдарды (пландарды, отчеттор, сертификаттар ж.б.) тапшыруусун талап кылуу.
- Өз компетенциясынын чегинде, өзүнө жүктөлгөн функцияларга ылайык, ишин өз алдынча уюштуруу.
- Мектептин усулдук бирикме башчыларынан, класс жетекчилерден өз компетенциясынын чегинде керектүү маалыматтык-аналитикалык материалдарды сурап алуу жана сурамжылоо жүргүзүү.
- Ушул Жободо какралган тапшырмаларды аткаруу максатында, окуучулар, ата –энелер жана мугалимдер, коомдук ишмерлер менен жолугушууларды, чогулуштарды өткөрүү.
- Мектеп администрациясына билим берүү ишин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киризүү.

5.2. **Бөлүмдүн милдеттери:**

- Өз компетенциясынын чегинде маселелерди карап чыгуу жана чечидерди кабыл алуу;

- Мектептеги билим берүү процессинин маалыматтык-аналитикалык сурамжылоо жүргүзүүнүн жыйынтыгын өз убагында чыгарып, мектептин жалпы жамаатына маалымдоо.

6. **Жоопкерчилик**
   6.1. Ченемдик-укуктук актылар менен корголуучу сырды түзгөн маалыматты ачыкка чыгаргандыгы, мекте администрациясы тарабынан ага жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткарбагандыгы же талаптагындай эмес аткаргандыгы, ошондой эле жарандардын, жеке жана юридикалык жактардын мыйзамсыз иш-аркеттеринин натыйжасында келтирилген зыян үчүн чечимдер, аракеттер же аракетсиздиктер үчүн маалыматтык-аналитикалык бөлүмдүн кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жооп беришет.
7. **Жумушту уюштуруу**
   7.1. Бөлүм мектептин Ички эмгек эрежелерине ылайык иштейт.
   7.2. Бөлүмдүн штаттык расписаниеси жок болгондугуна байланыштуу бөлүмдүн башчысын жана ага түздөн –түз баш ийген адистерди мектеп администрациясы карап чыгат.
   7.3. Бөлүмдүн бардык кызматкерлери өз ишин учурдагы мыйзамдардын жоболоруна жана кызматтык нускамаларына ылайык жүргүзүшөт , функционалдык милдеттерин аткарууга жооп беришет.
   7.4. Бөлүмдүн башчылыгына жогорку билимдүү, ошондой эле үч жылдан кем эмес педагогикалык стажы же адистиги боюнча үч жылдан кем эмес иш стажы бар адам дайындалат.
8. **Иш-чараларды жүргүзүү:**
   8.1. Бөлүмдүн ишин уюштуруучулук, материалдык – техникалык жактан камсыздоону мектеп администрациясынын билим берүү бөлүмү жүргүзөт.